Долбоор

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТОКТОМУ**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-ноябрындагы № 600 "Кыргыз Республикасынан айыл чарба товарларынын айрым түрлөрүн ташып чыгууга (экспорттоого) убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө" өзгөртүү киргизүү тууралу.**

Өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жана пиязга рыноктук бааларды турукташтыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-ноябрындагы № 600 "Кыргыз Республикасынан айыл чарба товарларынын айрым түрлөрүн ташып чыгууга (экспорттоого) убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемеси төмөнкүдөй мазмундагы 3-пункт менен толукталсын:

«

| № | Товардын аталышы | ЕАЭБ ТЭИ ТН коду |
|---|---|---|
| 3 | Пияз, пияз-шалот, сарымсак, жаңы жана тоңдурулган көк пияз жана башка пияз сымал жашылчалар | 0703 (0703 20 000 0 кошпогондо) |

».

2. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги:

– ушул токтом күчүнө кирген күндөн тартып үч календардык күндөн кечиктирбестен Евразия экономикалык комиссиясына ушул

токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын;

– ушул токтом күчүнө кирген күндөн тартып үч күндөн кечиктирбестен Дүйнөлүк соода уюмунун Коргоо чаралары боюнча комитетине ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

3. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги ушул токтом күчүнө кирген күндөн тартып үч күндөн кечиктирбестен Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

4. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн айыл чарба товарларынын айрым түрлөрүн мыйзамсыз ташып чыгууга (экспорттоого) бөгөт коюуга багытталган зарыл чараларды көрүшсүн.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

6. Бул токтом расмий жарыялангандан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.У. Жапаров**

Кыргыз Республикасынын
Айыл чарба Министри ________________А.С. Джаныбеков 2023-жылдын «____» __________